DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 9, 2020

ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ
ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ
PHILOLOGICAL SCIENCES

Мамутов М.Т., Жумабаева А.Т.

АФФИКСАЛДЫК ЖАНА ЛЕКСИКА-АФФИКСАЛДЫК ПЛЕОНАЗМДАР

Мамутов М.Т., Жумабаева А.Т.

АФФИКСАЛЬНЫЕ И ЛЕКСИКО-АФФИКСАЛЬНЫЕ ПЛЕОНАЗМЫ

M.T. Mamutov, A.T. Jumabaeva

AFFIXAL AND LEXICO-AFFIX PLEONASMS

УДК: 81.373. 612. 4

Макалада кыргыз тилиндеги аффиксалдык жана лексика-аффиксалдык плеоназмдар изилдөөгө алынат. Аффиксалдык плеоназмдардын курулуш материалы катарында сөз мүчөлөрү колдонулары, мындай түзүлүштөгү плеоназмдар айрым синоним аффикстердин бир сөз ичинде кабатталып келишинен жасалары, бир кыл грамматикалык маанини туюндурган форма жасоочу мүчөлөр жана жалган сөзүнүн лексикалык маанисине өзгөртүү кийирген сөз жасоочу мүчөлөрдүн бир сөз ичинде параллелдүү колдонулушунан пайда болгон плеоназмдар аффиксалдык плеоназмдарга кирери фактылардын негизинде аргументтүү белгиленет. Субъективдүү-баалоочу мүчөлөрдүн стилистикалык боектуулук кудурети көркөм чыгармаларда гана толук ачылары, алардын бир сөз тутумунда контакт абал келиши стилистикалык максат менен шартталары көрсөтүлүп берилет. Лексика-аффиксалдык плеоназмдарда өзөк-негиз туюндуруп турган түшүнүк ошол өзөк-негизге уланып келген мүчө аркылуу дааналанып такталары конкреттүү мисалдар менен тастыкталат. Лексика-аф-фиксалдык плеоназмдар андагы тил каражаттарынын сүйлөм тизмегинде дистанттык абалдагы байланышынан да уюшулуп келери белгиленет.

Негизги сөздөр: *плеоназм, аффиксалдык плеоназм, лексика-аффиксалдык плеоназм, сөз жасоочу мүчө, форма жасоочу мүчө, этиш, уңгу, мүчө, негиз.*

В статье исследуются аффиксальные и лексико-аффиксные плеоназмы в кыргызском языке. Аргументы приводятся на основании фактов что плеоназмы, которые возникают в результате параллельного использования модификаторов в слове, являются прикрепленными плеоназмами и в качестве строительного материала служат образование плеоназмов путем повторения определенных синонимичных аффиксов в одном слове, формирование единообразных грамматических значений и образование ложных слов и использование аффиксов. Способность субъективно-оценочных членов к стилистическому самовыражению полностью раскрывается только в произведениях искусства, которые в словесной системе показывают стилистическую цель и условия, в которых они вступают в контакт. В плеоназмах с лексической привязкой понятие основы обоясняется конкретными примерами, которые поясняются членом, который продолжается до этой основы. Отмечено, что лексико-аффиксные плеоназмы также образуются из отдаленной связи языковых средств в последовательности предложений.

Ключевые слова: *плеоназм, аффиксальный плеоназм, лексико-аффиксальный плеоназм, производящий член слова, формообразующий член, глагол, гласный, член, основа.*

The article examines affixal and lexical-affix pleonasms in the Kyrgyz language. The arguments are based on the facts that the pleonasms that arise as a result of the parallel use of modifiers in a word are attached pleonasms and serve as a building material for the formation of pleonasms by repeating certain synonymous affixes in one word, the formation of uniform grammatical meanings and the formation of false words and the use of affixes. The ability of subjectively evaluative members for stylistic self-expression is fully revealed only in works of art, which in the verbal system show the stylistic purpose and the conditions in which they come into contact. In lexically linked pleonasms, the concept of a stem is explained by specific examples, which are explained by a term that extends to this stem. It is noted that lexical-affix pleonasms are also formed from a distant connection of linguistic means in a sequence of sentences.

Key words: *pleonasm, affixal pleonasm, lexico-affix pleonasm, word-producing term, formative term, verb, vowel, term, base.*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

Киришүү. Плеоназмдар ашыкчылыкты, маанилик арбынчылыкты алып жүрүүчү башка каражаттардан компоненттеринин ички маанилик катышынын көп кырдуулугу, байланыш формаларынын ар түрдүүлүгү, эң негизгиси, сөз маанисин тактоонун ийкемдүү ыкмасы, баяндоонун таасирдүүлүгүн арттыруудагы *стилистикалык өзгөчө каражат* катарында келе алышы менен айырмаланып турат.

Плеоназмдардын структуралык курулушу ар кыл. Алар тилдин дээрлик бардык алкактарында кезигет. Составындагы "артыкбаш" элементтин тилдик деңгээлдерге болгон катышына карай плеоназмдарды шарттуу түрдө түрлөргө бөлүнөт. Аларга аффиксалдык жана лексика-аффиксалдык плеоназмдарды кошууга болот.

Изилдөөнүн методдору менен материалдары. *Аффиксалдык плеоназмдардын* курулуш материалы катарында сөз мүчөлөрү колдонулат. Мындай түзүлүштөгү плеоназмдар айрым синоним аффикстердин бир сөз ичинде кабатталып келишинен жасалат. Демек, бир кыл грамматикалык маанини туюндурган форма жасоочу жана жалганган сөзүнүн лексикалык маанисине өзгөртүү кийирген куранды мүчөлөрдүн бир сөз ичинде параллелдүү колдонулушунан пайда болгон плеоназмдарды аффиксалдык плеоназмдар деп атоого мүмкүн.

Сөз жасоочу мүчөлөр аркылуу уюшулган аффиксалдык плеоназмдарды *койчуман, ашпозчу* деген сыяктуу сөздөрдүн мисалында көрө алабыз. Мисалы: ***Койчуман*** *карыя тигинтип чапкан бойдон кетип калды*. (А.У.). *Кызык кемпир биздин* ***ашпозчу****. Ач көз. Аттарга сугу түшүп тамшана берет* (Ч.А.). Бул сүйлөмдөрдө белгиленген сөздөрдүн биринчисинде артыкбаштай туюлган *–ман* мүчөсү, экинчи сөздөгү *–чу(-чы*) мүчөсү өздөрүнүн алдындагы мүчөлөрдүн маанилерин толуктап келүү менен, кесиптик түшүнүктүн так, таамай туюндурулушуна өбөлгө түздү. Бирок мындай маанилеш мүчөлөрдү бир сөз аралыгында жарыш колдонуу дайым эле аффиксалдык плеоназмдарды пайда кыла бербейт: *сүткорчу, өнөрпозчу, паракорчу* ж.б. Бул мисалдарда акыркы аффикс *(-чы)* семантикалык жүк көтөрө алган жок. Ансыз деле бериле турган мазмун мурунку мүчө аркылуу туюнтулганын белгилөөгө болот.

1. *Спортсмен, жазуучу* ***өнөрпозчу****, депутат и просто 42 жылдан берки мугалим Абасов* ("КА". 22.02.2012). 2.*Коррупцияга каршы күрөш күч алып,* ***паракорчуларың*** *күн санап пачкалап кармалганы менен, алардын аягы суюлчудай эмес* ("Ф". 05.07.2013).

Көрүнүп тургандай, бул сүйлөмдөрдө кептик каталыкка жол коюлган, тагыраак айтканда, *өнөрпозчу, паракорчу* сөздөрүндөгү *-чы* мүчөсү кызматсыз кыстырынды мүчө катары эч кандай стилдик жүк көтөрө алган жок. Бул аффикс сөздөрдүн көлөмүн бир муунга кеңейтип, тавтологияны уюштуруп турат.

Аффиксалдык же морфемалык плеоназмдар составында *-изация*, *-фикация* сыяктуу суффикстери бар орус тилинен, же орус тили аркылуу чет тилдеринен кирген өздөштүрүүлөрдө көп кезигет: *классификация, модернизация, трансплантация, мобилизация, адаптация, модификация* ж.б. Мындай сөздөрдүн тутумундагы суффикстердин семантикасын аңдабастык же эсепке албоо ал суффикстерге удаа төл сөздөгү маанилеш синоним мүчөнү *(-ла+оо=лоо)* кошо колдонууга алып барат: *классификациялоо, модернизациялоо, трансплантациялоо, мобилизациялоо, адаптациялоо, модификациялоо* ж.б.

Эгерде *-изация+лаш, -фикация+лаштыруу* сыяктуу синонимдеш элементтерден турган өзөк кыргыз тилинде өз алдынча колдоно алса, анда суффикс артыкча экендиги дароо көзгө урунат, себеби ал эч кандай зарыл функция аткарбайт.

Ал эми бул маанилеш тил бирдиктери жалганып турган өзөк кыргыз тилинде жеке туруп лексикалык маани билдире албаса (*адапт-ация, унифик-ация, мобил+изация, механ-изация* ж.б.), анда ал сөздөргө контакт абалында – *-лаш, -лаштыруу* аффикстери кошулуп келет.

Мисалы: *Акыйкат башкаруу жана социалдык* ***мобилизациялоо*** *жылында Сиз жетектеген фонд кандай иштерди аткара алды?* ("ЖЗА"). *Американын тарыхында алгачкы жолу бет ткандарын* ***трансплантациялоо*** *боюнча операция жасаткан 46 жаштагы...* ("ЖА" 08.05.2009). *Адам сатуу – бул пайда көрүү максатында адамдарды* ***эксплуатациялоо***. ("ОЖ". 26.04.2014). *"Ааламдаштыруу шарттарында исламды* ***модернизациялоо****" аттуу кандидаттык диссертация...* ("Кут бил." 2008).

Натыйжалар менен талкуулоолор. Аффиксалдык плеоназмдардын түптөлүшүндө форма жасоочу мүчөлөргө басымдуу орун таандык. Албетте, мунун өзү ал көмөкчү морфеманын стилдик функциясы менен да шартталган.

Субъектилик бааны туюндуруучу же субъективдүү баалоочу мүчөлөрдүн сөз ичинде кабаттала келиши грамматикалык плеоназмдын бир көрүнүшү болуп саналат.

Мисалы: ***Апакебай****, алгым келет себинди,*
Мен да пенде, кантип укпайм кебинди? (Ү.И.).

Байкалып тургандай, мында *–ке, -бай* морфемаларынын уңгуга кошоктоло жалганышы аркылуу

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

эмоционалдык-нарктагыч маани күчөтүлүп берилген. Мындагы плеоназм – экспрессивдүүлүктү жаратуучу баалуу каражат. Ал энеге болгон аздектүү аяр сезимди билгизүүгө катышып турат. Бирок муну менен катар поэтикалык тексттин талабы да бар. Ал – ырдын ритмомелодиясы.

Субъективдүү – баалоочу мүчөлөрдүн стилистикалык боектуулук кудурети көркөм чыгармада гана толук ачылары, алардын бир сөз тутумунда контакт абалда келиши стилистикалык максат менен шартталары жөнүндө профессор Т.Аширбаев мындай дейт: "...субъективдүү-баалоочу мүчөлөрдүн кабатталып келиши көркөм стилдеги кадыресе көрүнүш. Мындай ыкма менен айтылуучу же берилүүчү эмоциялык маани тереңдетилет:

Сенден минтип калбадыкпы айрылып,
Бир биз эмес, бүткүл айыл кайгырып.
Мурдагыдан миң эсе көп сүйөлү,
Келип калчы, ***апакебай****, кайрылып* (Тур.К.).

Ал эми субъективдүү-баалоочу мүчөлөрдүн жанаша келген сөздөрдө катар жана кабатталып келиши менен сезимди градациялык ыкма менен туюнтуу ишке ашат.

Энеке,
Энекебай,
Өзүңдү түшүнсөм да,
Сөзүңдү түшүнбөймүн... (Ш.Д.) [8, 81-б.].

Белгилей кетүүчү нерсе: экинчи текстте *эне* уңгусу кайталанып, алгач бир аффикс менен, кийин кошоктолгон эки аффикс менен келиши, биринчисине (*энеке*) караганда экинчисинде (*энекебай*) эмоционалдуулук-экспрессивдүүлүк жогорку чекте берилиши формалдык да (1 аффикс – 2 аффикс), семантикалык да (эркелетүү бир аффикс – эркелетүүчү эки аффикс) градация аркылуу ишке ашкан. Эки мисалда тең *–бай* аффиксинин колдонулушу поэтикалык муун өлчөмдөрдүн талабына ылайыкташкандыгы талашсыз. Ошентип, морфемалык плеоназмдын колдонулушу бир нече факторлор менен шартталары тууралу ишенимдүү айтууга болот.

Кеп болуп жаткан плеоназм кубулушу этиштин мамиле мүчөлөрүндө көбүрөөк жолугат. Адатта, этиштин кош мамилеси *-ыш* мүчөсүнүн жардамы аркасында жасалып, субъектилердин өз ара биргелешип аткарган кыймыл-аракетин туюнтат: *Мектеп окуучулары гербарий чогултушту* ("Ош ш."). Бул мисалда этиштик баяндооч билдирип турган биргелешүү мааниси *-уш(-ыш)* мүчөсү аркылуу берилди. Ошондой болсо да сейрек учурларда "биргелик маанисин күчөтүп көрсөтүү үчүн кош мамиленин мүчөсү этиштик уңгуга кабатталып жалганат: *Сакалдуу, көкүлдүүлөр Саадаттын эшигинин алдына топтошу**ш**ту"* (Т.С.) [6, 156-б.]. Айрым учурда кыймыл-аракеттин биргелешип аткарылгандыгын анык туюндуруу максатында кош мамиленин мүчөсү этиш жасоочу *–лаш* курандысына удаа кабатталып колдонулат.

Мисалы: *Адилет менен Жибек бир чечимге келе албай, аргасыз кош**тош**у**ш**ту* ("ЖА". 05.03.2009).

Мында кыймыл-аракеттик процесске өз ара катышкандыкты *–лаш* мүчөсүнүн жардамында туюндуруп турган *коштош* туунду этишине контакттык абалда кош мамиленин мүчөсү *(-ыш)* уланып келиши афиксалдык плеоназмды шарттап турат.

Салыштырыңыз: *Адилет менен Жибек... аргасыз коштошту – Адилет менен Жибек ... аргасыз коштошушту*.

Этиштик уңгулуу татаал этиштин эки компонентине тең кош мамиленин мүчөсү жалганып келиши менен да аффиксалдык плеоназм пайда болушу мүмкүн.

Мисалы: *Эки дос көчөдөн кезиг**иш**ип кал**ыш**ат.* ("СИ" 16.02.2007). *–Ээ, Исхакты сатып кеткен баатыр ушубу*? – дешип, *күнкүлдө**ш**үп кал**ыш**ты* жакын эле жерден (Т.К.).

Бул сүйлөмдөрдө *-иш* жана *-ыш, -ш* жана *-ыш* мүчөлөрү формалдык – маанилик плеоназмды түзүп турат. Бул контексттерде алардын бирин алып койсо деле, мазмун бузулбайт. Бир эле аффикс биргелешип аткарылган аракетти туюнта алат: *кезигип калышат* же *кезигишип калышат, күңкүлдөп калышты* же *күңкүлдөшүп калышты*.

Аффиксалдык плеоназмдар этиштин аркылуу мамилесинде да учурайт. Өтмө этиштен өтмө этиштин жасалышын шарттаган бул мамиледе кыймыл-аракеттин башка бирөө тарабынан аткарылары этиштик уңгуга аталган мамилени уюштуруучу формалардын кабатталып орун алышы менен күчөтүлүп берилет. Мисалы: *Баптист үй-бүлөнүн баласынын сөөгүн жерге бер**дир**т**п**ей жатышат*. ("ДФ". 22.05.2008). Бул сүйлөмдө катар келген *-дир* жана *-т* мүчөлөрү аффиксалдык плеоназмга жол ачты. Бирок аркылуу мамиленин мүчөлөрү бир сөз ичинде кабатталып колдонулушунан аффиксалдык плеоназм уюшулбай калган учурлар да кезигет: Мисалы: *Ичине нечен кандуу окуяларды камтып шаарды карап аккан мелмилдеген чоң каналдын жээгине он чакты кадам айда**ттыр**ып барып, машинени токто**ттур**ушту* ("КА"). Салыштырыңыз: ...машинени токтотушту – *машинени токтоттурушту*. Биринчисинде кыймыл-аракет (*токтотуу*) грамматикалык обөект (машинени) тарабынан аткарылса, же машинаны III жактагы

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

бирөөлөр токтотсо кийинкисинде машинаны токтотууга бир адамды өздөрү эмес, башка бирөөлөр токтотууга мажбурлаганын көрүп турабыз. “Мүчөлөрдүн кабат колдонулушу этиштин башка мамилелерине караганда аркылуу мамиледе көбүрөөк кездешет: *келтир – келтиргиз, чакыр**т**тык – чакыр**тт**ырдык*” ж.б. [6, 166-б.].

Буйрук-каалоо ыңгайда 1-жактын көптүк саны – *алы* мүчөсү менен уюшулат. “Башка ыңгайларда алардын грамматикалык формасы жана жак мүчө өзүнчө форма менен берилсе, буйрук-каалоо ыңгайда булар бир форма менен берилет” [6, 160-б.]. Бул ыңгайда “Биринчи жактын көптүк түрү тигил же бул кыймыл-аракетти иштөө үчүн сүйлөөчү өзү кирген топко кайрылганын же ошол топтуп атынан сүйлөгөнүн көрсөтөт. Мында чакырык-буйрук менен кошо өтүнүч, каалоо мааниси да бар” [6, 160-б.]. Мына ушул маанилерди күчөтүп берүү, биринчи жактын көптүк санын ачык, так көрсөтүү максатында *–алы* мүчөсүнө биринчи жактын көптүк санынын кыскарган формасы *(-к)* параллель колдонулуп, аффиксалдык плеоназмдын жаралышына өбөлгө түзөт:*баралы – баралык, чогулалы – чогулалык, ырдайлы – ырдайлык* ж.б.

Мисалы: *Аттар тыныккандыр, Каргабай. Анда эмесе, бастыр**алык*** (А.С.). *Түгөнгүчө төгүл**өлүк** Мекенге / Түгөнгүчө чачыл**алык** Мекен деп* (Ж.А.).

Эки мисалда тең буйрук-каалоо ыңгайдын мүчөсүнө (*-алы*) биринчи жактын көптүк санынын жак мүчөсү *(-к)* катар колдонулду (*бастыр+алы+к, төгүл+өлү+к, чачыл+алы+к*).

Буйрук-каалоо ыңгайдан түптөлгөн грамматикалык плеоназмдар поэтикалык кепте ырдын угумдуу, таасирдүү болушуна көмөктөшүп, уйкаштыктын ар кыл түрлөрүнүн жаралышына мүмкүндүк берет.

Балдарыбыз өсүп жатат чоңоюп,
Ой жагынан, бой жагынан торолуп,
Сан жагынан жетпесек да колхозго,
*Өзүбүзчө бир бригада бол**олук*** (Б.С.).

Мында ашыкчалыкты шарттап турган жак мүчө *(-к)* буйрук-каалоо ыңгайдын кошумчасына контакт абалында келип, ырдагы аттама уйкаштыкка жол ачты. Тагыраак айтканда, *торолуп* сөзүндөгү *[п]* тыбышына төртүнчү саптын аягындагы *бололук* сөзүнүн *[к]* тыбышы каткаландыгы аркылуу окшошуу менен, ырдагы толук уйкаштыктын жаралышына себепкер болду. Бул тыбыштардын уйкаштыктагы дабыштык окшоштукту уюштурууга активдүү катышарын кыргыз ыр түзүлүшүн изилдеген окумуштуу К.Рысалиев төмөндөгүдөй белгилейт: “Кыргыз поэзиясында толук уйкаштыкта “К-П” тыбыштары жанаша сөздөрдүн бардык муундарында колдонулат. Демек, алар бири-бирине эң жакын дабыштык окшоштук бере алат” [9, 92-б.].

Окумуштуу А.К. Боровков өзбек тилинде сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдүн бир сөз ичинде плеонастикалык колдонулушун III жактын таандык уландыларынан кезиктирүүгө болорун *бириси, шуниси, синглиси* сөздөрүндөгү *–и, -си* формаларынын мисалында талдоого алган [5, 685-б.].

Г.Ф. Благова да түрк тилдеринин көпчүлүгүндө таандык мүчөлөрдүн табиятына тиешелүү бул көрүнүш кеңири тарагандыгын өзгөчө белгилеп өткөн [4, 85-б.].

Ошентип, плеоназмдын башка түрлөрү сыяктуу эле аффиксалдык плеоназмдар да сөз маанисин тактоонун ийкемдүү зарыл ыкмасы, ой-пикирди жеткилең туюндуруунун маанилүү каражаттарынан болуп саналат.

Лексика-аффиксалдык плеоназмдарда өзөк-негиз туюндуруп турган түшүнүк ошол өзөк-негизге уланып келген мүчө аркылуу дааналанат, такталат. Сүйлөм тутумдагы белгилүү бир сөздүн маанисин ага жалганып келген мүчө конкреттештирип турат. Кээде биринчи сөздүн составындагы чет тил элементинин маанисине кийинки сөз кошумча иретинде толуктук келтирет. Алардын ар бирине өзөүнчө токтолуп өтөлү.

Зат атооч жасоочу өнүмдүү морфемалардын бирине *-чы* курандысы кирет. Ал негизге жалганып, андан жаңы сөз жасайт: *тарбиячы, китепканачы, тигүүчү* ж.б. Бирок сейрек учурларда аталган куранды мүчө айрым сөздөргө жалганганда, алардын лексикалык маанисин өзгөртпөй, тескерисинче, ал сөздөрдүн маанисине аныктык, тактык кошот: *касап – касапчы, наабай – наабайчы, кароол – кароолчу, мерген – мергенчи, жеңил атлеттер – жеңил атлетчилер* ж.б.

Мисалы: ***Касапчы*** *энесине сөөк сатат (макал).* ***Набайчылардын*** *маанайы неге ачык, же тирилик жөнүндө ойлор* (“Аалам”,14.04.2006). *Карышкырды мен-мен деген* ***мергенчилер*** *гана атат* (“ЭТ”. 06.02.2009). *Александр шаардын ишканалардын биринде* ***кароолчу*** *болуп иштечү* (“СИ”. 29.05. – 4.06.2009).

Бул мисалдардагы белгиленген сөздөрдө лексикалык маани эки ирет: ички флексия (*касап,* II иран тилинде *“мал сойгуч”, “мал союучу”, эт сатуучу; наабай* иран тилинде *”нан бышыруучу”, “нан жабуучу”, “токоч жасоочу”; караул* орус тилинде *“күзөтчү”, “сакчы”; мерген – “мылтык менен уучулук кылган адам”, “таамай, жазбай атуучу адам”, жеңил атлет* – орус тилинде *”жеңил атлетика мени*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

машыккан адам") [7, 657,666, 920-бб.] жана куранды *-чы* мүчөсү аркылуу туюндурулган. Өзөк-негиздин өзүнөн эле белгилүү бир кесип менен шугулдануучу жак айкын болуп турса да, ***-чы*** аффикси контакт абалында кошулган. Аткаруучу жак маанисин уңгу аркылуу туюндуруу кыргыз тилинин өзгөчөлүгүнө туура келбегендиктен, жогорудагы өздөштүрүлгөн сөздөргө *-чы* мүчөсү жарыш колдонулушу менен лексика-грамматикалык плеоназм жүз берди.

Демек, сөздүн өзөгүнөн белгилүү болуп турган маанинин куранды же уланды мүчөлөр аркылуу күчөтүлүп берилишин шарттуу түрдө *лексика-аффиксалдык плеоназм* деп атайбыз. Бул типтеги плеоназмдардын жаралышына кээ бир сөз жасоочу жана форма жасоочу мүчөлөр мүмкүндүк түзөт. Лексика-аффиксалдык плеоназмдар стилистикалык максатта колдонулат. Негизге кайсы бир курандынын же форма жасоочу аффикстин жалганышы менен сөз маниси такталат. Бирок бул мүчөлөрдүн сөзгө уланып келишинен кептик каталыкка жол коюлушу да мүмкүн.

Маселен, *түрмөкана, музыкантчы, багбанчы, тамадачы* деген сөздөрдө *-кана -чы* мүчөлөрү эч кандай стилдик жүк көтөргөн жок, алардын бул сөздөргө жалганышы адабий нормага туура келбейт. *Түрмөкана* деген сөздүн өзөгүндө (*түрмө*) орундук маани бар, аны аффикс *(-кана*)аркылуу кайрадан туюндуруунун зарылдыгы жок. *Түрмө* сөзүнүн семантикасы этибарга алынбай, *-кана* морфемасы аналогиялык жол менен кошулуп калган. Бул сыяктуу көрүнүштү тавтологияга тең плеоназм катары эсептөөгө болот. Тавтологиялык мүнөздөгү плеоназм сөз мүчөлөрүн орунсуз колдонууда да болот. Мисалы: *Мындай жырткычтар менен азилдешүү**лөр**гө болбойт"*. (М.Абд.). Бул сүйлөмдө *азилдешүүлөргө* деген сөздөгү *–лар* мүчөсү ыксыз артыкбаштыкты жаратты.

Башка түрк тилдери сыяктуу эле кыргыз тилинде да зат атоочтун көптүк санынын морфологиялык жолу *-лар* мүчөсү менен берилет: *терек-теректер, айыл – айылдар, балык – балыктар* ж.б. Ошону менен бирге зат атоочтор көптүк сан маанилерин лексикалык жол менен да туюндура алат. Бул учурда "бир өңчөй заттарга карата жалпылама атоо маниси бар зат атоочторго *-лар* жалганбай туруп эле көптүк сан маанилери туюндурула берет. Бир өңчөй заттарга карата жалпылама атоо маанисин билдирген зат атоочторго төмөндөгүдөй сөздөр кирет: *кар, мал,... мөндүр, кум, калк, журт* ж.б. Буларга *-лар* мүчөсүнүн жалганышы зарыл эмес" [1, 56-бет].

Ошондой болсо да айрым учурларда жогорудагы сөздөр стилдин талабына ылайык көптүк сан маанисин күчөтүп көрсөтүү максатында *-лар* мүчөсү уланган формада колдонулган учурлар кезигет.

Мисалы: ***Элдер*** *эми аны "жаңы тууган Данияр" дешчү болду.* (Ч.А.).

Бул сүйлөмдөгү *элдер* деген сөздө *-лар* мүчөсү артыкбаш көрүнгөнү менен, стилдик жактан түшүнүктү таамай туюндуруучу функцияны аткарып турат. Ал эми *Кантсе да бүгүнкү түрк-монгол* ***элдеринин*** *түпкү ата-бабаларынын ичинде кыргыздын орду өзгөчө. Өздөрүнүн "түпкү аталарын" башка* ***элдер*** *өздөрү көтөрсө...* ("К ТВ". 30.01.15) деген сүйлөмдөрдө бир нече эл туурасында сөз кылып жаткандыктан, кеп жаратуучу *эл* сөзүнө *-лар* кошумчасын улоого аргасыз болгон.

Грамматикалык маанинин аналитикалык жана синтетикалык жол менен, же болбосо редупликация аркылуу берилиши жалпы түрк тилдерине,анын ичинде кыргыз тилине мүнөздүү болуп эсептелет. Лексика-аффиксалдык плеоназмдарда бул ыкмалар аралашып келет, б.а., грамматикалык маанини туюндуруу да кеминде эки каражат пайдаланылат. Маселен, *Мен студентмин* деген жалаң сүйлөмдө жактык маани синтетикалык жана аналитикалык жол менен, ***Үймөк-үймөк коондордун*** *жанында үч-төрттөн ныксыраган коончулар отурат* (А.Мат.) деген сүйлөмдө көптүк маани редупликация (*үймөк-үймөк*) жана аффикс (*-лар: коондор*) аркылуу берилген.

Грамматикалык маанинин мындай ыкмада туюнтулушун Ш.Балли "милдеттүү грамматикалык плеоназм" деп атоо менен бирге "плеоназмдын бул түрү тилге таандык, ал эми башкалары кепке таандык", – деп белгилейт [3, 169-б.].

Заттардын санын так, ачык-айкын билгизбестен, болжолдоп көрсөткөн чамалама сан атоочтордон да лексика-аффиксалдык плеоназмды жолуктурууга болот. Адатта чамалама санда заттын санын болжолдоп көрсөтүү морфологиялык же синтаксистик жол аркылуу ишке ашат. Ал эми морфологиялык жана синтаксистик ыкманы биргеликте колдонуу менен чамалоо маанисин туюндуруу лексика-аффиксалдык плеоназмдын пайда болушуна жол ачат. Аны төмөнкү мисалдар бышыктап турат:

1. Нүзүптүн курч бычактын учундай тик көздөрү... ***он беш жаштар чамасындагы*** *балага келип токтоду.* (Т.К.). Бул жерде контекст *он беш жаш чамасындагы* түрүн колдонууга да мүмкүнчүлүк берет. Мында *-лар* мүчөсү плеоназм жаратып турат.

2. Ошол учурда Жантай хан ***элүү үч – элүү төрттөрдө*** *болсо, Ак Мөөр* ***он алты – он жети жаштарда*** *эле* ("О". 27.05.2008). Мында да вариант катары *элүү үч-элүү төрттө, он алты – он жетиде* деп айтууга болот.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

Биринчи сүйлөмдө чамалоо маанисиндеги сөздүн (*чамасында*) экинчи сүйлөмдө *-лар* мүчөсүнүн “артыкбаш” колдонулушунан улам болжолдоону, чамалоону толук кандуу туюндурууга өбөлгө түзүлдү.

Кыргыз тилине өздөштүрүлгөн айрым терминдердин семантикасын аңдабастыктын же эсепке албоонун натыйжасында лексика-аффиксалдык плеоназмдар жасалат. Маселен, интернационалдык терминдердин курамындагы *-логия* сөз жасоочу элементи бизче *“окуу”, “илим”* маанилерин берет. Бирок, ошондой болсо да бул мүчөнүн мааниси этибарга алынбай, *археология илими*, *психология илими* деген структурада колдонулган учурлар кездешет. Анткени өздөштүрүлгөн терминдердин семантикасы тил өкүлдөрүнүн баарына эле ар убак толуп даражада түшүнүктүү боло бербейт. Ошондуктан сүйлөөчү өз оюн башкаларга аныгыраак жеткирүү максатында – *логия* элементинин улуттук тилдеги эквивалентин кошуп колдонот. Биринчи элемент сөздүн структуралык бөлүгү катары түшүнүлөт.

Сүйлөм тутумунда жакчыл таандык мүчөлүү сөздөн мурун ***өз*** деген ат атоочтун, *-ыраак* мүчөсү уланган сын атоочтордун жана тактоочтордун алдында аларга стилдик жактан толуктук киргизүү үчүн *аз-маз, саал, бир аз* деген сыяктуу сөздөрдүн бирге келиши да лексика-грамматикалык плеоназмдын жаралышын шарттайт.

Мисалы: ***Өз үйүм*** – *өлөң төшөгүм* (макал.). *Шыйпырдын баасы кымбат экенин кечээ* ***өз көзү*** *менен көргөн* (“ДФ”. 06.03.2008.). *Түсү* ***аз-маз агыраак*** *тура* (Ж.О.). *Амантур душмандардын* ***бир аз жакыныраак*** *келишин күттү* (О.О.).

Биринчи мисалда *өз* деген ат атоочтун колдонулушу, биринчиден, аныкталгычтын (*үй*) I жакка тиешелүүлүгүн таамай туюндурууга, экинчиден, макалдагы ички аллитерацияга жол ачкан, натыйжада дабыш уккулуктуулугу жаралып, макалдын көркөмдүгү, таасирдүүлүгү арткан. Экинчи сүйлөмдө кымбат шыйпырларды III жак (“Чатыр” аңгемесиндеги Тээк бол аттуу каарман) көргөндүгү анык, чын экенин тактап берүү максатында пайдаланылган. Үчүнчү мисалда *аз-маз* деген сөз салыштырма даражадагы сын атоочко (*агыраак*) айкалышып келип, басандатып салыштыруу маанисинин так берилишине өбөлгө түзсө, соңку төртүнчү мисалда *жакыныраак* деген салыштырма даражадагы тактоочтун алдындагы сөз (*бир аз*) бул орун тактоочтогу салыштырма даражанын күчсүздөндүрүү маанисин айкын туюндурууга көмөктөшүп турат.

Кээде, тескерисинче, жакчыл таандык мүчөлөрдүн бири уланып турган *өз* аныктама ат атоочуна жекелик же көптүк сандагы жактама ат атоочтордун, *жалгыз* деген сөздүн тизмектешип келиши аркылуу да талданып жаткан плеоназмдар уюшулат.

Мисалы: ***Мен өзүм*** *жүк ташуучу болуп иштейм* (Ч.А.). *Ал тарапта жалгыз калдың* ***сен өзүң*** (Т.З.). *Май айынын болуп турган убагы. Чак түш.* ***Өзүм жалгыз*** *Ак-Суу тараптан келе жаткам* (Т.К.). *Жатам ойлуу* ***жалгыз өзүм*** *камыгып / Өткөн күндөр көз алдымдан агылып* (К.Ж.).

Заттын сандык жактан жекелиген аныктап көрсөтүүчү *өз* ат атоочунун мына ушундай өзгөчөлүгү туурасында С.Кудайбергенов мындай дейт: “...*өз* деген ат атооч аракеттенүүчү жактын өз алдынчалыгын же анын конкреттүүлүгүн күчөтүп көрсөтүү үчүн колдонулат, көбүнчө таандык мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу айтылат: Жыйналышты *өзү* алып барды. *Мен өзүм* бардым. *Алымбайдын өзү* отурду (кийинки эки сүйлөмдө аракеттенүүчү жактын конкреттүүлүгү күчөтүлгөн)” [6, 131-б.].

Корутунду. Бир түшүнүккө багытталган сөз менен сөз мүчөсүнүн дистант абалдагы байланышынан да лексика-аффиксалдык плеоназм түптөлөт. Бул учурда плеоназмдык түгөйлөрдүн бири сүйлөмдүн башында же ортосунда, ал эми экинчиси сүйлөм аягынан орун алган сөздүн курамында болот. Мындай плеоназмдар шарттуу ыңгайдын *-са* мүчөсү менен шарттуу байламталардын, арсар келер чактын жана күдүктүн *-дыр* мүчөсү менен божомол, күдүк маанилерин туюндурган айрым модалдык сөздөрдүн ички катышынын негизине түзүлөт, *-са* мүчөлүү этиш катышкан сүйлөмдүн составына *эгерде* деген байламта катышса, шарттуулук маани күчөтүлүп берилет.

Мисалы: *О, улуу дайра Энесай!* ***Эгер*** *сага тоо омкоруп кулат****са****, муштумдай таш сыяктанып, түбүнө чөгөт* (Ч.А.). ***Мүмкүн,*** *сенин бул сөзүңдө кашкайган чындык бар****дыр*** (А.Т.). ***Балким****, анда бурганактуу кыш чыгар* (А.Акималиев).

Жогорку мисалдарда *эгер* деген шарттуу байламта *-са* мүчөлүү этиш (баяндооч) менен, *мүмкүн, балким* деген модалдык сөздөр *бардыр*, *чыгар* деген

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

сөздөр менен үндөшүп, шарттык, божомолдук маанилерине толуктук берип, иш жүзүндө дистанттык позициядагы плеоназм түзүлгөн.

Адабияттар:

1. Абдувалиев И. Кыргыз тилинин морфологиясы [Текст]/ И. Абдувалиев. - Бишкек, 2008.
2. Азыркы кыргыз адабий тили [Текст]. - Бишкек, 2009.
3. Балли Ш. Общая лингвистика и вопросы французского языка [Текст] / Ш. Балли. - М.: Изд-во иностр.лит., 1955.
4. Благова Г.Ф. Тюркский аффиксальный плеоназм в сравнительно-историческом и ареально-лингвистическом освещении [Текст] / Г.Ф. Благова. // Вопросы языкознания. - 1968. - №6.
5. Боровков А.К. Краткий очерк грамматики узбекского языка [Текст] / А.К. Боровков // Узбекско-русский словарь. - М., 1959.
6. Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили: Морфология [Текст] / С.Давлетов, С.Кудайбергенов. - Фрунзе: Мектеп, 1980.
7. Кыргыз тилинин сөздүгү [Текст] / А.Акматалиевдин жалпы ред. астында. - Бишкек: AVRASYA PRESS, 2011. - 1-бөлүк. - 880 б.; 2 бөлүк. - 891 б.
8. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы: Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китеби. - Бишкек-Ош: Кыргызстан, 2000.
9. Рысалиев. Кыргыз ырларынын түзүлүшү. - Ф.: Мектеп, 1965.